# *Адепсиздиктин акыры - кылмыш,*

# *кылмыштын акыры-жаза*

***Мугалим: Абыкаева Ж.Н***

Сабактын максаты: **а) билим берүүчүлүк:** Окуучулар жана ата-энелер адепсиздик , кылмыштуулук боюнча түшүнүк алышат;

**б) өнүктүрүүчүлүк:** Кылмыштуулуктун жана адепсиздиктин акыры жакшылык эмес экендигин билишет;

**в)тарбия берүүчүлүк:** окуучулар бири-бирин уга билишет, ар дайым адептүү болууга аракет кылышат.

**Сабактын тиби:** Жаны материал менен таааныштыруу

**Сабактын методу:** Көрсөтмөлүү

**Сабактын жабдылышы:** Батман, маркер, ноутбук, проектр, сүрөттөр, кылмыштуулук боюнча буклет, макал-лакаптар жазылган плакаттар

## Сабактын жүрүшү:

1. **Саламдашуу** . Саламатсыздарбы ! Бүгүнкү сабакка кош келипсиздер. Бүгүн биздин коомдун жана балдардын келечегинин алдында турган эң актуалдуу маселелердин бири- бул «Өспүрүмдөрдүн арасындагы кылмыштуулук» болуп эсептелет. Өз кезегинде белгилей кетчү нерсе жалпы эле жашы жете элек учур б.а өспүрүм курак-инсандын татаал өсүү мезгили. Ушул учур өтө тез өткөнүнө карабастан ар бир инсан андан аркы тагдырын чечет. Себеби , өспүрүм куракта мүнөздүн эң оор негизги өзгөрүүлөрү жүрүп, айланадагылардын, коомдун таасири астында инсан катарында калыптанат. Бүгүнкү күндө мына ушундай өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулукту баарыбыз маалымат каражаттарынан көрүп билип, керек болсо кээ бир кездерде күбө да болуп жүрөбүз. Кылмыштуулук ар кандай жагдайлардан улам келип чыгат. Бул көйгөйдү чогулуп чечип, чогуу жеңишибиз керек. Бүгүнкү тегерек столубузду ачык – деп жарыялап, келген коноктор менен сиздерди тааныштырып өтсөм:
   Соц.педагог:_____________________________________________,
   Мектептин уюштуруучусу:___________________________________,

   Тарбия завуч:_____________________________________________,

   ИДН кызматкери:__________________________________________
2. . Алгач адепсиздик менен кылмыштуулуктун айырмасын билип алсак.

- **Адепсиздик деген эмне ?** Бул коомдогу адеп ахлак нормаларын бузуу.
- **Кандай сапаттар кирет?** Адепсиздик , калпычылык, ушактоо, мазактоо, ыймансыздык, оройлук, ач көздүк, көрө албастык.
- **Кылмыштуулук деген эмне?** Бирөө материалдык, моралдык, саламаттык жактан жана өмүрүнө зыян келтирүү.
- **Кандай сапаттар кирет?** Кылмыш, уурулук, рекетчилик, бангилик, психотроптук ар кандай заттарды колдонуу(клей , бензин, карп жыттоо, насывай атуу), аракечтик,.
- **Чыгуу себептери?** Бекерчилик, бейбаштык, ата-эненин кароосу жок калуу, чыр-чатактуу үй-бүлөө, жетишсиз жашоо, бош убакытты туура эмес пайдалануу, интернет.
  Рекетчилик англис тилинен которгондо «зордук зомбулук» дегенди билдирет. Видео тасмадан өспүрүм балдардын кылмыштуулукка тартылганын көрөлү.
  **Талкуулоо. Статистикалык маалыматтар берилди.**

3. Ата-энелерден ушул жөнүндө сурап көрөлү. Анткени сиздер ушул эле курактан өткөнсүздөр.
   - Сиздердин ой боюнча балдарды илгерки ата-бабаларыбыз кантип адептүүлүккө тарбиялап келишкен (уламыш, жомок, каада-салт)
   - Соц.педагог: суроо: Кылмыштуулукту кантип азайтса болот? Сиздин оюңуз боюнча азыркы жаштардын адепсиздиги эмнеден? Балдарды адептүүлүккө тарбиялоодо мектептин ролу чоңбу же ата-энeнинби?
   - Сапаттуу билим алуу кылмыштуулукту азайта алабы?
   - Мектептеги рекетчиликти түп тамырынан бери жок кылууга болобу?
4. Мына ошентип тегерек столубуздун биринчи бөлүгү бүттү. Мындан жыйынтык чыгарсак кылмыштуулук:- чыр-чатактуу үй-бүлөдөн. Максатсыз көчөгө чыгуудан, бекерчиликтен, кароосуз калган балдардан, социалдык абалы начар үй-бүлөдөн, чөнтөк телефондон, ДВД, дисктерден келип чыгат.
5. Музыкалык тыныгуу. «Ичпечи апа»
6. **Тегерек столубуздун экинчи бөлүгү**. Барыңыздардын көңүлдөрүңүздөрдү доскадагы макал-лакаптарга бөлмөкчүмүн. Окуучулар ордуңардан туруп кыскача маанисин айтып бергилечи. « Жакшы болгон баланын атасы жаман болсо да - төрдө туруп сый табар.» «Жаман болгон баланын атасы жакшы болсо да- төө үстүнөн ит кабар». «Өсөрүбүз да, өчөрүбүз да - тарбиядан». «Балдарга мээримибиз, бактылуу келечегибиз». Майда кылмышты жазаласаң чоң кылмыштын алдын аласың . кыргыз эли илгертен эле бала тарбиялоодо учкул сөздөрдү . макал-лакаптарды. Кылымдарды карыткан акылдарды айтып келишкен. Мына ушундай накыл сөздөрдү сиздерден уксак.

- «Жакшы киши ачык сүйлөйт, сөз тамырын казып сүйлөйт». «Жаман киши сасык сүйлөйт өзгөлөрдү басып сүйлөйт». «Амалкөй былык сүйлөйт. Адептүү сылык сүйлөйт».
- «Улама менен бир жүрсөң, сөз кадырын билесиң. Жакшы менен бир жүрсөн эл кадырын билесиң».
- «жакшылыкка жакшылык - ар кишинин ишидир. Жакшылыкка жамандык – көр кишинин ишидир. Жамандыкка жакшылык –эр кишинин ишидир., жамандыкка жамандык- кем кишинин ишидир».
- Жалтанат адам эмнеден? Жаман сөз айткан пендеден . Тартынат адам эмнеден? Табалап күлгөн пендеден. Талантка таамай сын берээр, тараза болот эл деген.

Доскадагы сүрөттөр боюнча талкуулоо. Азыр окуучулар силерге жандуу көрүнүштөр көрсөтүлөт. Эмнени байкадыңар? Бул кандай көрүнүш?. Катышуучулар : мугалим , ата-эне, окуучу. Сага эмне болгон? Сен окууну таштап койдуң, сабакка көңүл бурбайсың. Тур! Ата-энеңди ээрчитип кел. Ушул күнү баланы чоң класстын эки окуучусу уруп-согуп акча талап кылат. Үйүнө барып ата-энесинен да сөз угат. Эки анжы ойдо калат.- өмүр, өлүм. Мектепке соц.педагогко кайрылып, мектепти ийгиликтүү аяктап, жумушка орношот. Көп жыл мурун урган бала баладан жумуш сурап кайрылат. Бала аны аяды, боору ооруду, колтуктап көтөрүп. Ылайыктуу жумуш менен камсыз кылды. Анткени ал бала жетишпеген жашоодо жашап, ата-энеси ичкендиктен зордук-зомбулукка барган эле. Ал жөнүндө бала кийнчээрек билип калган.

**Жыйынтык:** улуу адамыбыз И,Раззаков айткандай «Мен таза болсом, Сен таза болсоң коом да таза болот». Деген сөздү бекеринен эле айткан эмес. Ушул сөздү өзүбүзгө уран кылып алып, бир жакадан баш, бир женден кол чыгарып биргеликте иш алып баралы. . Анткени балдар биздин келечегибиз. Булар адептүү ыймындуу болсо,кылмыш болбойт. Балдарыбыз адептүү болсо мамлекеттин келечеги кең болот. Укум –тукумумдарына таза коомду жеткире алышат.